**ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**УЗГЕНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

Өзгөн шаары. Ленин көчөсү 132 город Узген, улица Ленина, 132
Тел. (факс) (03233) 5 -07 - 25, 5-04-85 e-mail: adm32@shailoo.gov.kg.

**Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын**

# ЧЕЧИМИ №19

21-04 2021-жыл Өзгөн шаары.

Катышышты: Өзгөн АШКнын төрагасы К.Акыбаев
катчысы Ы.Болокбаев
мүчөлөрү У.Омуралиев, Ю.Тиллабаев, М.Темиров, С.Рысалиева, П.Ормонбекова, К.Карабаев, К.Денизов, Н.Капарова

**Күн тартиби:**

1. **"Клооп Медиа" коомдук фондунун арыздарын кароо жөнүндө**

**Угулду:** Өзгөн АШКнын төрагасы К.Акыбаев- урматтуу кесиптештер, "Клооп медиа" коомдук фондунун 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кенештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоо процессинин бузулушу боюнча кайрылуу жолдогон.

1. №5045 шайлоо участкасында АЭУнун жанында УШКнын мүчөсү турат деп билдирген. Участканын төрагасы улгайган карыя шайлоочу бюллтенди тескерисинен салып жаткандыгына байланыштуу шайлоо комиссиясынын мүчөсү жол көрсөтүп койгондугун байкоочу туура эмес деген дооматы көрсөткөн.
2. №5065 шайлоо участкасында АЭУнуну жанында УШКнын мүчөсү турат. АЭУ аппараты бюллетенди чайнап калгандыгына байланыштуу оператор барып АЭУну ондогон. Бул жерде эч кандай мыйзам бузуу болбогондугун белгиледи.
3. №5097 шайлоо участкасында АЭУнун жанында УШКнын мүчөсү турат деп билдирген. Шайлоо учсткасына барып комиссиянын мүчөлөрү, байкоочулар менен сүйлөшкөндө көпчүлүк жалпы улгайган адамдар шайлоо бюллетендерин урнага тескери салып алган учурлар болуп сканер аппарат чайнап кеткен учурлар катталагандыгына байланыштуу комиссиянын мүчөсү туура салуунун жолун үйрөтүп койгондугун байкоочу туура түшүнбөй калган. Эч кандай мыйзам бузуулар аныкталган жок.
4. №5115 шайлоо участкасында шайлоочу өзүнүн бюллетенин кабинада сүрөткө тартып жатат жана УШКнын мүчөсү кабинада турган шайлоочуга барып сүйлөштү деген доомат койгон. Иликтегенде кабинада турган шайлоочу бюллетенин сүрөткө тартууга аракет жасаганда УШКнын мүчөсү барып сүрөткө тартууга мүмкүн эместигин түшүндүрүп, жанына барган.
5. №5437 шайлоо участкасында кошумча урна жок экендигин билдирген. Ал УШКда шайлоочунун саны аз болгондуктан кошумча урнанын кереги жок.

Жогорудагылардын негизинде "Клооп Медиа" коомдук фондунун №5045,№5065,№5097,№5115,№5437 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды: **Макул -10,** **Каршы-жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. "Клооп Медиа" коомдук фондунун №5045,№5065,№5097,№5115,№5437 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушу эске алынсын.
2. №5045,№5065,№5097,№5115,№5437 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагаларына байкоочуларга туура түшүнүк бере албагандыктары үчүн эскертүү берилсин.
3. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына билдирилсин.
4. Ушул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы АШКнын катчысы Ы.Болокбаевге жүктөлсүн.

**Өзгөн АШКнын төрагасы** **К.Акыбаев**

**Катчысы** **Ы.Болокбаев**